**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1311/1 2019 жылдын «11» ноября

**“Тандоо турун өткөрүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамынын алкагында зээндүү мектеп окуучуларын табуу, Эл аралык олимпиадалардын катышуучуларын аныктоо жана аларды даярдоо максатында **буйрук кылам:**

1. 2018-жылдын 23-январындагы № 64/1 буйругу менен бекитилген “Математика,физика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча Кыргыз Республикасынын командасын түзүү жана даярдоо жөнүндөгү” Жобо жокко чыгарылсын.
2. Математика,физика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча Кыргыз Республикасынын командасын түзүү жана даярдоо жөнүндөгү Убактылуу Жобо (1-тиркеме) жана Тандоо турун өткөрүү боюнча нускама (2-тиркеме) бекитилсин.
3. 2019-2020 - окуу жылында математика,физика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча Кыргыз Республикасынын командасын түзүү Тандоо туру аркылуу республика боюнча пилот түрүндө өткөрүлсүн.
4. Тандоо турун өткөрүү боюнча Республикалык уюштуруу комитетинин (3-тиркеме) жана усулдук комиссиянын (4-тиркеме) курамдары бекитилсин.
5. Тандоо турун өткөрүү боюнча Республикалык уюштуруу комитети жана усулдук комиссия бекитилген “Математика,физика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча Кыргыз Республикасынын командасын түзүү жана даярдоо жөнүндөгү” Убактылуу Жобонун жана Тандоо турун өткөрүү боюнча нускаманын негизинде иш алып барсын.
6. 2019-2020-окуу жылында Тандоо туру төмөнкү мөөнөттө өткөрүлсүн:
   I баскыч - декабрь (онлайн);
   II баскыч - январь (онлайн);
   III баскыч - февраль (офлайн);
   IV баскыч (Республикалык олимпиада) - март;
   V баскыч - март (апрель) (офлайн).
7. Математика, физика, биология, химия жана информатика предметтеринен усулдук комиссиялардын төрагаларына Тандоо турунун бардык

баскычтарына тапшырмаларды Эл аралык олимпиадалардын талаптарына ылайык иштеп чыгуу жана Эл аралык олимпиадалардын катышуучуларын аныктоо, аларды даярдоо боюнча иш-чараларды өткөрүү милдеттендирилсин.

8. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгынын (С. Ж. Мейрманова), Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын (А.Асанов), Чүй облустук билим берүү башкармалыгынын (Р.К. Султанов.), Ош облустук билим берүү институтунун (Г.М.Турдубаева), Ысык-Көл облустук билим берүү институтунун (К.С. Шарипов), Нарын облустук билим берүү борборунун (К.Н. Мамытов), Жалал-Абад облустук билим берүү усулдук борборунун (А.А.Токтосунов), Талас облустук билим берүү усулдук борборунун (Т.К.Тилекматов), Баткен облустук билим берүү усулдук борборунун (М.А.Айжигитова), райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жана республиканын жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

8.1. Тандоо турунун I баскычынын катышуучулары боюнча Республикалык уюштуруу комитетине төмөнкү маалыматтарды тапшырышсын:

- окуучулардын тизмеси;
- жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан күбөлөндүрүлгөн справка (сүрөтү менен);
- өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүк, паспорт же ID-карта);
- өткөн жылдын Эл аралык олимпиадасынын (IMO, IBO, IOI, IPHO, ICHO) дипломунун көчүрмөсү.

8.2. Жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларына жана алардын ата-энелерине “Математика,физика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча Кыргыз Республикасынын командасын түзүү жана даярдоо жөнүндөгү” Убактылуу Жобо жана “Тандоо турун өткөрүү боюнча” нускама тууралуу маалыматтарды жеткирүү милдеттендирилсин;

8.3.Тандоо турунун I, II жана III баскычтарын уюштурууга жоопкерчилик милдеттендирилсин;

8.4.Тандоо турунун III жана V баскычтарында белгиленген мөөнөттө катышуучулардын келүүсүн камсыздашсын;

8.5.Тандоо турунун бардык баскычтарын өткөрүү учурунда окуучулардын ден-соолуктарынын жана өмүрлөрүнүн коопсуздугун камсыздашсын;

8.6.Бекитилген предметтер боюнча Тандоо турун сапаттуу жана ачык-айкын өткөрүлүшүн камсыздашсын;

8.7.Тандоо турунун III баскычында өткөрүү жерин камсыздоого жана физика, химия, биология предметтери боюнча практикалык турларына зарыл болгон жабдууларын, приборлорун жана химиялык реактивдерин даярдоого көмөк көрсөтүшсүн;

9. Жогорку окуу жайлардын жетекчилери:

9.1.Тандоо турунун III жана V баскычтарында өткөрүү жери менен камсыздоого жана физика, химия, биология предметтери боюнча практикалык

турларына зарыл болгон жабдууларын, приборлорун жана химиялык реактивдерин даярдоого көмөк көрсөтүшсүн;

9.2. Тандоо турунун III жана V баскычтарында окуу жайдын студенттерин волонтер жана администратор катары тартууга көмөк көрсөтүшсүн;

10. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө милдети министрдин орун басары Н. С. Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министр** **К.А. Исаков**

Кусеинова А.С., 662370